Аткаруучу: Аида Кулуева
Ырдын аталышы: Сагындым сени
Ырдын сөзү : Бурулкан Карагулова
Ырдын обону : С. Искеналиевдики

Кайырма:
Сагындым сени, сагындым,
Сагынсам билбей калдыңбы?
Сагынуу деген толкунга,
Байкабай түртүп салдыңбы?

Сагындым сени, сагындым,
Сагынган үнүм жетпейби?
Саргайтып жүрө бергендей,
Сагынычым уруп кетпейби?

Күттүрдүң мени, күттүрдүң,
Күткөнүм билбей жүрдүңбү?
Бейкапар жүргөн кезимде
Күйүттү башка үйдүңбү?

Сүйдүрдүң мени, сүйдүрдүң,
Сүйүүмдү билбей жүрдүңбү?
Сезимдин сезбей аруусун,
Сыртыңды салып күлдүңбү?